**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Данияр 5 литрлик идиштерди 500 сомдон, 3 литрлик идиштерди 350 сомдон, 1 литрлик идиштерди 125 сомдон саткан.

200 литр кымыз канча сомго сатылган?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 15000 сом
Б) 17150 сом
В) 23000 сом
Г) 21875 сом

**Жайлоодо**

Данияр жайкы каникулда жайлоого чыгып , ата-энесине кымыз сатууга жардам берип жүргөн. Ал 200 литр кымыздын жарымын беш литрлик идиштерге, калганын үч жана бир литрлик идиштерге куйган.

3 литрлик жана литрлик идиштердин саны бирдей.



**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: жеке
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзүү
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Г) 21875 сом |
| 0 | Башка жооп тандалса, же жооп жок болсо. |